**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

04.10.2023 ж. № 80/XXIII – 6

**"Кайыңды-Кант» ААКсына жалпы аянты 307,25 га жер участогун бекитип берүү жана жерди пайдалануу укугуна мамлекеттик актыларды берүү жөнүндө" Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын 1999-жылдын 6-майындагы № 183 токтому кабыл алынган учурдан тартып күчүн жоготту деп табуу жөнүндө Кайыңды шаардык кеңешинин атынан административдик доо арызды алып салуу жөнүндө**

2022-жылдын 26-августунда Кайыңды шаардык кеңеши Чүй облусунун административдик сотуна «Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын 1999-жылдын 6-майындагы №183 токтомун кабыл алгандан бери жараксыз деп табуу жөнүндө» административдик доо арыз менен кайрылган. «Кайыңды-Кант» ААКсына жалпы аянты 307,25 га жер участогун бекитип берүү жана жерди пайдалануу укугуна мамлекеттик актыларды берүү жөнүндө» соттук отурумда «Кайыңды-Кант» ААК тарабынан талашты тынчтык келишиминин негизинде чечүү жана корутунду берүү боюнча сунуш түшкөндүгүнө байланыштуу жана 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 2 - беренесине, Кайыңды шаардык кеңешинин Регламентинин 2 – беренесине ылайык, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы токтом кылат:

1.Талаштарды тынчтык келишимин түзүү менен чечүүгө байланыштуу 2022-жылдын 2-сентябрындагы АД-648/22-МЧ-С2 Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын 1999-жылдын 6-майындагы № 183. «Кайыңды-Кант» ААКсына жалпы аянты 307,25 га жер участогун бекитип берүү жана жерди пайдалануу укугуна мамлекеттик актыларды берүү жөнүндө токтом кабыл алынган учурдан тартып жараксыз деп табуу жөнүндө" административдик доо артка алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын

38-беренесинин 3-пунктуна ылайык, административдик доо арызды чакыртып алуу менен байланышкан бардык чыгымдар Кайынды шаардык мэриясынын ФЭБ нө  жүктөлсүн.

3.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине каттоо жана киргизүү үчүн Чүй - Бишкек шаардык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети  Кайынды шаардык кеңешинин агрардык, жер жана турак-жай маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Т.Иманкулов**